DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Омурова Ж.О., Шаршенбек кызы А., Абирова А.Ы.*

# КЫРГЫЗСТАН ЖАНА КЫТАЙ: ЖАКЫН КОҢШУ ЖАНА СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНӨКТӨШ

*Омурова Ж.О., Шаршенбек кызы А., Абирова А.Ы.*

# КЫРГЫЗСТАН И КИТАЙ: БЛИЗКИЙ СОСЕД И СТРАТЕГИЧЕСКИЙ ПАРТНЕР

*Zh. Omurova, Sharshenbek kyzy A., A. Abirova*

# KYRGYZSTAN AND CHINA: A CLOSE NEIGHBOR AND STRATEGIC PARTNER

*УДК: 94:327.7*

*Кыргызстан менен Кытай достуктун эзелтен бери келе жаткан салттарын бөлүшкөн жакын коңшулар, стратегиялык өнөктөштөр болуп саналат. 2022-жылы Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосунда дипломатиялык мамилелерине 30 жыл толду. Дипломатиялык мамилелер түзүлгөндөн бери Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы саясий өз ара ишенимди тереңдетүүнү жана соода-экономикалык, маданий ж.б. кызматташтыкты өнүктүрүүнү улантып жаткандыгы актуалдуу. Макаланын максаты – геосаясат, геоэкономика, коопсуздук жана башка көптөгөн негизги багыттарга өзгөчө көңүл бурулуп, эки мамлекеттин ортосундагы стратегиялык кызматташтыкка кыскача талдоо берилген. Методология – илимий макаланын теориялык жана методологиялык негизи катары тарыхый, укуктук, салыштырмалуу-тарыхый ж.б. каралды. Өлкөлөр ортосундагы кызматташтыктын реалдуу жыйынтыгы эки тараптуу жана көп тараптуу соода-экономикалык, маданий жана башка чөйрөлөрдө эки тарапка тең кандайдыр бир артыкчылыктарга ээ экендигин белгиленди.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргызстан, Кытай, стратегия, өнөктөштүк, экономика, саясат, кызматташтык.*

*Кыргызстан и Китай – близкие соседи, стратегические партнеры, разделяющие давние традиции дружбы. В 2022 году исполнится 30 лет установлению дипломатических отношений Кыргызской Республики с Китайской Народной Республикой. Актуально что, с момента установления дипломатических отношений Китай и Кыргызстан продолжали углублять политическое взаимное доверие и развивать торгово-экономическое, культурное и другое сотрудничество между Китаем и Кыргызстаном. Цель данной статьи краткий анализ стратегическому сотрудничеству Кыргызстана с КНР, уделяя особое внимание основным направлениям таким как: геополитика, геоэкономика, безопасность и многое другое. Методика – исторический, правовой, сравнительно-исторический и прочие послужили теоретическим и методологическим базисом научной статьи. Реальные результаты сотрудничества между странами имеют некоторую пользу для обеих сторон в двусторонней и многосторонней торгово-экономической, культурной и другой сфере.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, Китай, стратегия, партнерство, экономика, политика, сотрудничество.*

*Kyrgyzstan and China are close neighbors, strategic partners sharing a long tradition of friendship. In 2022, it will be 30 years since the establishment of diplomatic relations between the Kyrgyz Republic and the People's Republic of China. It is relevant that, since the establishment of diplomatic relations, China and Kyrgyzstan continued to deepen political mutual trust and develop trade, economic, cultural and other cooperation between China and Kyrgyzstan. The purpose of this article is a brief analysis of the strategic cooperation between Kyrgyzstan and the PRC, paying special attention to the main areas such as: geopolitics, geo-economics, security and much more. Methodology - historical, legal, comparative-historical, etc. served as the theoretical and methodological basis of the scientific article. The real results of cooperation between countries, has some benefits for both sides in the bilateral and multilateral trade, economic, cultural and other spheres.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan, China, strategy, partnership, economy, politics, cooperation.*

Кытай менен Кыргызстан дипломатиялык, уктук-ченемдик мамилелерди орнотуп, эки мамлекет ортосундагы чек ара маселесин чечкенден кийин, өлкөлөр ортосунда экономиканын жана маданияттын ар кандай тармактарында салыштырмалуу жакшы өз ара кызматташтык ишке ашкан. 2013-жылдан баштап КЭР демилгелеген «Бир алкак, бир жол» долбоорун жакын коңшу катары Кыргызстан биринчилерден болуп колдоо көрсөткөн.

Мындан туура 30 жыл мурун, 1992-жылдын 5-январында Кытайдын өкмөттүк делегациясы Бишкекке келгенде Кыргызстан менен Кытайдын ортосунда биргелешкен дипломатиялык мамилелерди орнотуу боюнча биргелешкен коммюникеге кол коюлган. Бул учур коңшу мамлекеттердин ортосундагы достук мамилелердин жаңы тарыхынын башталышы болгон. Эки тараптуу өнөктөштүктүн жүрүшүндө эл аралык мамилелердин бардык тармактарын камтыган бекем ченемдик-укуктук платформа түзүлдү.

2013-жылдын 11-сентябрында Си Цзиньпин Кыргыз Республикасына мамлекеттик иш сапары менен келген эки өлкөнүн стратегиялык мамилелерин түзүү боюнча биргелешкен декларациясына кол коюлган [1].

Жакшы коңшулаштыктын стратегиясында өнөктөштүктү куруу боюнча Биргелешкен билдирүүдө төмөнкүлөр аныкталган:

- Артыкчылыктуу жана стратегиялык багыттар боюнча бири-бири менен өз ара пайдалуу мамилелерди өнүктүрүү;
- Өнүгүү траекториясын сыйлоо жана өнөктөш өлкөнүн ички иштерине кийлигишпөө, эгемендүүлүктүн, көз карандысыздыктын, бүтүндүктүн жана аймактык коргоонун кол тийбестигин камсыздоо аркылуу колдоо, ошондой эле соода-экономикалык

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



өнүгүүгө көмөк көрсөтүү [1].

2015-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы жетишилген стратегиялык мамилелерди эске алуу менен 2015-2025-жылдарга биргелешкен кызматташуу программасы кабыл алынган, анда 10 жылдагы өз ара пайдалуу синергияны түзүү боюнча эки тараптуу иш-чаралар каралган [2].

Эми БА анын ичинде Кыргызстан менен Кытайдын 30-жылдын ичинде жакын коңшу жана стратегиялык партнер катары кызматташтыгынын маанилүү факторлоруна токтолсок:

*Биринчи фактор,* чек ара маселеси болгон. 1991-жылы, 69 жыл өкүм сүргөн СССР кулап, дүйнөнүн картасына жаңы түзүлгөн 15 суверендүү мамлекет, алардын бешөө БАда пайда болгон. БАдагы мамлекеттердин үчөөсү КЭРдин Түндүк-батышы менен чектешет. Ал эми Кыргызстан КЭР менен 1000 километрден ашкан жалпы чек арасы бар, Синьцзян аймагы менен чектеш. Эки чек ара бекети, Тянь-Шань тоо кыркаларында жайгашкан Кашкар менен Торугарт жана батышында жайгашкан Эркештам ашуулары [3]. 1991-жылы КЭР БАРдын анын ичинен Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн таанып, дипломатиялык байланышын бекемдөөгө ынтызарлыгын көрсөткөн [4, 24-б.]. Эң алгач Кытай өзү менен коңшу БАР менен кызматташтыкты чыңдоодо талаш-тартыш жаратпай тынчтык жолу менен чек ара маселесин чечүүнү көздөгөн.

Кытай окумуштуусу Ч. Вандын оюнда, Кытайдын ички саясатынын максаты «Түндүк-батыш чөлкөмүнүн өнүгүүсүнө шарт түзүүнү» карманат, ушул себептен Кытай менен чектешкен БА мамлекеттери менен чек араларын бекемдөөгө кызыкдар экендигин белгилеген [5, 60-б.].

Тарыхта эки мамлекет салыштырмалуу кыска мөөнөттө мамлекеттер аралык деңгээлде көптөгөн иштерди жасап, анын жыйынтыгында тарыхта чечилбей келген эң маанилүү чек ара сызыктарын чечүү үчүн эки тарапка алгылыктуу шарттар түзүлдү. 1996-жылы кол коюлган мамлекеттик чек ара боюнча келишим өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө негиз болгон [6]. Учурда Кыргыз Республикасы менен КЭР ортосундагы мамлекеттик чек ара бөлүүчү сызык эмес, эки өлкөнүн жана элдин ортосундагы жакшы коңшулук жана достук өнөктөштүктүн көпүрөсү болуп саналат.

*Экинчи* геоэкономикалык жана энергетикалык фактор – КЭРдин БАга карата энергетикалык кызыкчылыгын көрсөтсөк болот. БАРдын энергетикалык ресурстары КЭР үчүн олуттуу мааниге ээ. Кытай мунай (нефть) берүүчүлөрдү, көмүр суутектерин (углеводород) унаа жана сатып алуу ыкмаларын ар тараптан диверсификациялоого умтулууда.

Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы сооданын жалпы көлөмү 1992-жылы 30 миллион доллар болсо, 2019-жылы 6 миллиард АКШ долларынан ашты. Тактап айтканда, дээрлик 180 эсеге жогорулаган. «Бир алкак жана жол» демилгесинин алкагында Кытай көп жылдар бою Кыргызстандын эң ири соода өнөктөшү жана импорттун эң ири булагы болуп келген. COVID-19дан улам эки өлкөнүн ортосундагы сооданын көлөмү кескин кыскарып, эки тараптуу сооданын көлөмү болгону 2 миллиард 901 миллион АКШ долларын түздү. Бирок эки тараптын биргелешкен аракети менен кырдаал жакшырып баратат. Кытайдын маалыматына ылайык, 2021-жылдын 75,57 млн. долларга жетип, Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы соода жүгүртүүнүн көлөмү былтыркыга салыштырмалуу 89,3%га өскөн. Эки тарап тең эки мамлекеттин ортосундагы экономикалык жана соода кызматташтыгын интенсивдештирүүнү тездетүү үчүн биргелешип аракеттене баштады [7].

Кыргызстандын аймагында жалпы 302 алтын жана алтын аралашкан кен чыккан жер бар. Эгер курамына алтындан башка дагы металлдар, маселен, жез, сымап, сурьма, кобальт, вольфрам камтылган кендерди да эске алсак, анда бул көрсөткүч 382ге жетет [8]. Кыргызстандын тоо кен байлыктары чыккан жерлерде Кытайдын инвесторлорунун активдүү иш аракеттердин натыйжасында бир нече тоо-кен тармагындагы ишканалары ачылган [9].

*Үчүнчү инвестиция фактору* – 1995-2001-жылдары кытайлык компаниялар Кыргызстанга абдан аз инвестиция салып, таасири начар болгон. Кыргызстан 1998-жылы Дүйнөлүк соода уюмуна киргенде Кытайдын түз инвестиция агымы рекорддук көрсөткүчкө – 1,9 миллион АКШ долларына жеткен. 1999-2000-жылдары Кытай инвестициясынын Кыргызстанга кичи ишканалары басымдуулук кылып, негизинен айыл чарба, жеңил өнөр жай, тамак-аш өнөр жайы жана башка тармактарда жайылган. 1993-жылы Кыргызстанда 18 гана кытайлык компания болсо, 1996-жылдын башына карата алардын саны 138ге жеткен [10].

2001-жылы ШКУ түзүлгөндөн бери Кытайдын Кыргызстанга тикелей инвестициясы тездик менен өстү. Тике инвестициялардын агымы 2002-жылы 8,5 млн. АКШ долларын түздү, бул 2001-жылга караганда 240%га көп. 2008-жылы Кытайдын Кыргызстанга тикелей инвестициясы кескин өсүштү. Тике инвестициянын агымы 57,5 миллион АКШ долларына жетти. Мындай көрсөткүч 2007-жылга караганда 98%га көп. 2002-жылдан 2008-жылга чейин Кыргызстанга кытай инвестициялары көптөгөн тармактарды жана ишканаларды камтый баштады, мисалы, кен байлыктар, инженердик келишимдер, байланыш кызматтары, транспорт, кыймылсыз мүлк ж.б. 2009-2012-жылдар аралыгында Кыргызстандын Улуттук статистикалык

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



комитетинин маалыматына ылайык, Кытай 2012-жылы Кыргызстандын тикелей инвестициясынын экинчи ири булагы болуп калган. Кыргызстанга тартылган чет элдик инвестициянын жалпы көлөмүнүн 23,9%ды Кытайдын тике инвестициясы түзгөн. 2012-жылы кытайлык компаниялар Кыргызстанда 150 миллион АКШ долларына жаңы инженердик келишим түзүп, алардын жүгүртүүсү 351 миллион АКШ долларын түзгөн. 2013-жылы Кытайдын Кыргызстанга тикелей инвестициясы 468 миллион АКШ долларын түзүп, Кыргызстанга келген инвестициянын жалпы көлөмүнүн 48,55% Кытайга тиешелүү болуп, Кытай Кыргызстандагы эң ири инвестор болуп калды [11]. Ал эми 2018-жылы КРдин экономикасына келген чет элдик түз инвестициянын жалпы көлөмү 851,7 млн АКШ долл. түзгөн 2017-ж. салыштырганда 38,1%га жогорулаган. 2018-ж. Кытайдан келген түз инвестициянын жалпы көлөмү 338,09 млн. АКШ долл. түзүп, КРге келген чет элдик түз инвестициянын жалпы көлөмү эң чоң үлүш Кытай тарапка таандык (39,7%) экендигин белгилеп кетсек болот [12]. Бул мезгилде Кыргызстанга келген кытай инвестициясынын басымдуу бөлүгү да мурдагы чакан жеке ишканалардын мүнөзүнөн өзгөрүп, Кыргызстандын мамлекеттик ири өнөр жай ишканаларына тартыла баштаган. Ал эми 2021-жылы Кытай инвестициясынын жалпы агымы 233,3 миллион АКШ долларына жетти, жыйынтыктап айтканда эки өлкөнүн ортосунда инвестициялык байланыш уланууда.

*Төртүнчү* стратегиялык жана транзиттик фактор: БАнын геостратегиялык абалы мамлекеттер ортосундагы мамиледе аскердик – саясий карым катнашы эң маанилүү орунду ээлейт. БАнын жана Кыргызстандын транзиттик деңгээли КЭР үчүн өтө маанилүү. Кытай БА аркылуу Иранга, андан ары Европага чыгууга мүмкүндүк берген кургак жол магистралына ээ болуусун көздөйт. Кыргыз Республикасы менен КЭРдин ортосундагы транзиттик өнөктөштүктүн маанилүү маселеси эки мамлекетти Фергана өрөөнү менен байланыштырган темир жол линиясын куруу болгон. 21-кылымдын ири долбоору катары бааланып жаткан Кыргыз-Кытай темир жолу КЭР тарабынан демилгеленген. 2000-жылы эле КЭР долбоорду бүтүрүп, Кыргыз Республикасы менен чек арага чейин темир жолду ишке киргизген. Ошол кезде план боюнча темир жол Кашкар (Кытай), Кыргыз Республикасы аркылуу Торугарт ашуусу, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Сузак (Кытай-Кыргыз чек арасы), Андижанга (Өзбекстан) чыкмак [13]. Бул темир жол долбоорун ишке ашыруу боюнча бир нече жолу мамлекеттик иш чараларда каралып талкууга алынып келген. Кыргызстандагы наразылык акцияларынан кийин эркин соода аймагы долбоору да токтоп калган. Чек арадагы экономикалык активдүүлүк мурдагыдай эле кургактык унаа жолдоруна жана өткөрүү пункттарына көз каранды.

Белгилей кетсек, акыркы жылдары темир жол долбоорун ишке ашыруу активдешип жатат. Бул долбоорго коңшу мамлекеттер да кызыктар экендигин жашырышпайт. Мисалы, Тажикстан Республикасы, Иран жана Афганистан, ошондой эле бул аймактын башка мамлекеттери, анын ичинде Түркия да бар. Темир жол тармагынын курулушу көп жылдардан бери байланыштырып келген Жибек Жолунун боюнда жүрүп жатат. Тилекке каршы, бул долбоордун башталышынын так мөөнөтүн айтуу азырынча кыйын, бирок алдыга жылууга саясий эрк бар.

Кытай үчүн Кыргыз Республикасынын транзиттик инфраструктурасынын маанилүүлүгүн эске алуу менен, кытай тарап өлкөнүн транспорттук мүмкүнчүлүктөрүнө дайыма кызыгуу көрсөттү. Бул негизинен Кытайдан Кыргызстандын аймагына товардык билдирүүлөрдүн өсүп келе жаткан көлөмүн жеткирүүнүн маанилүүлүгү менен алдын ала аныкталган. СССРдин кулашы жол катнашынын интенсивдүү өнүгүүсүнүн башталышы болуп калды, бул Кыргызстандын Кытай менен чек арасында көп сандагы жол тармактарынын өнүгүшүнөн көрүндү. Жыйынтыгы катары чек ара аймагында жыйырмадан ашык кургактык байланыш тармактары бар, алар бир эле учурда эки багытта: Кытайдан Кыргызстанга жана кайра артка логистика курууга мүмкүнчүлүк түздү.

*Бешинчи* коопсуздук фактору: БА тарыхый жактан анын мейкиндигинде жайгашкан көчмөн жана отрукташкан элдердин этникалык көп түрдүү конгломераты Улуу Жибек Жолу менен ассоциацияланган. БА Евразия континентинин булуң-бурчунан – Европадан, Жакынкы Чыгыштан, Түштүк жана Чыгыш Азиядан адамдар, товарлар жана идеялар кездешкен аймак. Бул мейкиндиктеги мамлекеттердин чек аралары калктын өзү өңдүү кыймылдуу бойдон калган, бул жаңы тарыхый чекте жаңы эгемен мамлекеттер үчүн аймактык маселенин өзгөчө сезимталдыгына алып келген. Кийинки мезгилде чөлкөм терроризм, сепаратизм, экстремизм, баңгитрафик өңдүү коопсуздукка жаңы коркунучтар менен байланышкан терс контекстте улам көбүрөөк көрүнө баштаган.

Коопсуздук – өнөктөштүктүн маанилүү багыттары боюнча ааламдык, аймактык жана улуттук коргоону жана туруктуулукту калыптандыруу эки өлкөнүн тышкы саясатынын негизги приоритеттери экени талашсыз. Өнөктөш өлкөлөр «жамандыктын үч күчү» маселесинде бирдиктүү позицияда турушат. Ошондой эле эки өлкө тыгыз байланышта болгон «Шанхай бештигин» жана «Шанхай кызматташтык уюмун» түзүүнүн демилгечилери болгон. Кыргызстан жана Кытай ШКУ алкагында коопсуздук тармагында абдан активдүү кызматташат. Бул багытта 2019-жылы

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



«Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы коопсуздук маселелери боюнча диалог» аймактар жана ведомстволор аралык кызматташуу механизми түзүлгөн [7]. Азыркы кырдаалда Ооганстанда жана чек арага жакын аймактарда болуп өткөн окуялардын шартында бул диалогго ылайык укук коргоо органдарынын өз ара аракеттенүүсүн активдештирүү маанилүү.

Коопсуздук маселеси Кытайдын ШКУ алкагындагы кызматташтыгынын артыкчылыктуу багыты болуп саналат. Азыркы кездеги Кыргызстандын Өзбекстан жана Тажикстан менен талаш жер тилкелер боюнча абалын уюмдун алкагында жөнгө салуу, өзү жашаган аймактарын таштап чыгып кеткен жарандардын демографиялык курагын жана так санын аныктоо маселеси маанилүү десек жаңылышпайбыз.

*Алтынчы фактор* – маданият, билим берүү, маалымат каражаттары ж.б. КРдин Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча, кытай тилин үйрөтүү үчүн өлкөнүн бир нече университетинде Конфуций институттары түзүлгөн. Кытай каржылаган Конфуций институттары Кыргызстанда кытай тилин жана маданиятын активдүү жайылтууда. Кытай ар кандай программалар аркылуу Кыргызстанга жыл сайын 300гө жакын квота берет. Учурда Кытайдын жогорку окуу жайларында 5 миңден ашуун кыргызстандык студент билим алууда. Жыл сайын Кыргызстандагы төрт Конфуций институтунда жана 21 Конфуций классында 4 миңге жакын кыргызстандык студенттер кытай тилин үйрөнүшөт [14].

Кытай маданиятын жайылтуу максатында 2016-жылы БА республикаларынын ичинен Кыргызстандын Бишкек шаарында «Шанс» кытай китепкана дүкөнү ачылган. 2015-жылдын ноябрь айынан баштап «Жибек жолу. Маданиятты өнүктүрүү гезити кытай жана орус тилдеринде Кытайдын каржылык колдоосу менен жума сайын 20 000 нуска, кытай тилинде 4 000 нуска менен чыгып, бекер таратылат.

Акыркы жылдары Кытай менен Кыргызстан медиа, телерадио тармагында да кызматташууну өнүктүрүүдө. Кыргызстандын мамлекеттик телеканалдары (КТРК жана ЭлТР) Кытай тууралуу берүүлөрдү үзгүлтүксүз көрсөтүп турат. 2017-жылдын январь айында Кыргызстандын «Кабар» улуттук маалымат агенттиги Кытай элчилигинин каржылык колдоосу менен Кытайдын Синьхуа мамлекеттик маалымат агенттиги үчүн атайын жаңылыктар тармагын ишке киргизген. «ЭлТР» каналынын «Кытайга саякат» («Жунго Сапар») программасында Кытайдын экономикасынын өнүгүүсү, маданиятынын өзгөчөлүгү тууралуу баяндалат [14].

Белгилей кетсек, Кыргызстанда кытай маданиятына жана тилине болгон кызыгуу жыл сайын өсүүдө. Бул мамлекеттер ортосундагы соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташууга байланыштуу, ошондуктан кытай тилин билүү бүгүнкү күндө белгилүү бир артыкчылыктарга ээ.

**Жыйынтык.** КЭР Кыргыз Республикасынын негизги стратегиялык өнөктөштөрүнүн бири деп айта алабыз.

30 жылдын ичинде Кыргызстан менен Кытай ортосунда жалпы кургактык чек арасынын аркасында бекем соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык байланыштар түзүлдү. КЭРге Кыргыз Республикасынан табигый балды, мөмө-жемиштерди, ошондой эле башка айыл чарба продукцияларын экспорттоо көбөйүүдө.

- Кыргыз Республикасында жол-энергетикалык инфраструктураларды, тоо-кен өндүрүшүн, айыл чарбаны, илимди, билим берүүнү жана экономиканын башка секторлорун реабилитациялоо чөйрөсүндө ишке ашырылып жаткан иш чаралар «Бир алкак, бир жол» долбоору менен байланышкан кызматташтык алкагында, эки өлкө ого бетер жакын болуп калды.

Тактап айтканда, Кытай Кыргызстандын аймагында бир катар ири долбоорлорду ишке ашырууда. М: «Ош-Баткен-Исфана», «Бишкек-Балыкчы» жана «Бишкек-Нарын-Торугарт», Бишкек ТЭЦин модернизациялоо, КЭР-КР-Өзбекстан автожолу, ошондой эле альтернативдик Түндүк-Түштүк автожолу аймактын Кытай, Түштүк жана Батыш Азия, Европа менен байланышын жакшыртууга салым кошот. Жогорудагы долбоорлорду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын энергетика жана транспорттук-логистика секторлорунда чыңдалышын шарттайт.

**Адабияттар:**


1. В ходе государственного визита Председателя КНР Си Цзиньпина в Кыргызстан подписан ряд двусторонних документов. – [Электронный ресурс] http://www.president.kg/ru/sobytiya/novosti/1400_v_hode
2. Кыргызстан и Китай подписали программу сотрудничества на 2015-2025 годы – [Электронный ресурс] https://knews.kg/2015/09/02/kyirgyizstan-i-kitay-podpisali-programmu-sotrudnichestva/K-News.
3. Кыргызско-китайская граница: исторические документы и научные работы. - Бишкек, 2002. - 65 с.
4. Омаров Н.М. Китай во внешней политике суверенного Кыргызстана: основные тенденции и перспективы [Текст] / Н.М. Омаров // Вестник КРСУ. - Бишкек, 2004. - Том 4. - №4. - С. 20-24.
5. Ван Ч. Изучение перспектив сотрудничества Китая и стран Центральной Азии в аспекте регионализации [Текст] / Ч. Ван // Синьцзянские финансы и экономика. - 2016. - №3. - С. 57-63.
6. Кыргызстан и Китай: 30 лет дружбы и сотрудничества. - [Электронный ресурс] http://russian.news.cn/2022-01/05/c_1310410003.htm
7. Рука об руку создаем прекрасное будущее китайско-кыргызских отношений. - [Электронный ресурс] http://kg.China-embassy.org/rus/dssghd/202110 /t20211011_10013361.htm
8. Кыргызстандын кайсы аймагы алтынга бай. Карта [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://sputnik.kg/infographics/20190813/1045425506/Kyrgyzstandyn-kaysy-aymagy-altynga-bay-Karta.html

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557




9. Чынь Жиянь Ху. Китайцы начнут разрабатывать кыргызское золотое месторождение с 2014 г., каким будет последствие? - [Эл. рес.] http://www.sayasat.kg/economics/ =20316
10. Чжао Цинсонг. Экономические и торговые отношения между Китаем и Кыргызстаном: история, статус-кво и перспективы, Центральноазиатские экономические исследования [Электронный ресурс]/ Цинсонг Чжао. – Синьцзян: Синьцзян финансы и экономика, 2016. Вып. 1. - С. 69. URL: http://www.cqvip.com/qk/96463x/201601/ 668063797.html
11. Цифры и факты: Поступление прямых иностранных инвестиций из Китая в 2018 году [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://www.stat.kg/ru/news/cifry-i-fakty-postuplenie-pryamyh-inostrannyh-investicij-iz-kitaya-v-2019-godu/.
12. Китай обещает восстановить деятельность 40 простаивающих предприятий Кыргызстана. [Электронный ресурс]. - Режим доступа: /Интернет-портал Gezitter.org, 24 мая 2016 г. http://www.gezitter.org.
13. Лапенко М.В. Проект строительства железной дороги Китай-Узбекистан и транспортная система Кыргызстана. // Изв. Сарат. ун-та. Нов. сер. Сер. История. Международные отношения. 2014. Т. 14, вып. 2. - [Электронный ресурс] https://cyberleninka.ru/article/n/proekt-stroitelstva-zheleznoy-dorogi-kitay-uzbekistan-i-transportnaya-sistema-kyrgyzstana
14. Бердаков Д. Механизмы «мягкой силы» Китая в Кыргызстане [Электронный ресурс]. /Д. Бердаков. - Режим доступа: https://eurasia.expert/mekhanizmy-myagkoy-sily-kitaya-v-kyrgyzstane/
15. Бактыбек кызы А. Анализ двустороннего инвестиционного соглашения между Кыргызской Республикой и Китайской Народной Республикой: недостатки и пути совершенствования. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2023. №. 1. С. 140-145.